Жаныбеков Ч.

*Кыргыз Республикасынын ИУАсы*

# К. ТЫНЫСТАНОВДУН СИСТЕМАЛЫК АНАЛИЗИ

«Системалык анализ» предметинин өзү илимдин тармагы катары пайда болуп калыптанышы, Советтер Сойузунда 20-кылымдын алтымышынчы жылдарынан башталат. Анын негизги түшүнүктөрүнө тайанабыз. **Система** түшүнүгү материалдык же абстрактуу болуп, эки бөлүмдөн турат. Элементтери өз ара логикалык жалпылыкка ээ болуп, алардын жыйындысы бүтүн бирдикти түзүшсө, **абстрактуу система** дешет. Мисалы, «Илим» түшүнүгүн алалы. Илимдин ар түрдүү бөлүмдөрүн: философийа, тарых, филологийа, математика, физика ж.б. логикалык курулушу жана практикалык маанилери жагынан алар өз ара айырмаланганы менен, предметтин маанисинин жалпылыгы бойунча бүт эле илимдин ар түрдүү тармактарынан курулушат. Ал эми предметтик жалпылыгы бары бир эле «Илимге» тийиштүү. Алсак, жаратылышта органикалык эмес заттардын бөлүмдөрүндөгү ар түрдүү нерселер **материалдык системага** мисал болот.

Адамдын ой жүгүртүүсү логикалык жагынан белгилүү багытка жана тартипке салынып, анын максатына ылайык тандалып алынган ойу бойунча көздөгөн багытта гана иреттүү жана системалуу жүргүзүлөт. Адам ансыз ойунун жыйынтыгына чыга албай, баш аламан же чакчелекей ой жүгүртүүсүнүн негизинде өзүнүн көздөгөн максатына жете албайт. Биз жашаган материалдык дүйнө накта системалуу курулган. Биздин дүйнөнү таанып үйрөнүүбүз дагы системалуу, анткени – адамдын ой жүгүртүүсү, илимий изилдөөлөрү, ал изилдеп жаткан материалдык дүйнөдөгү процесстердин жүрүшү дагы, изилдөөчүнүн ойлоо системасында чагылуусу эмеспи.

Жаратылыштын өзгөрүү, өнүгүү процесстери системалуу касиетке ээ экендигин жаратылышты таанып үйрөнүүчү илимпоздор ар түрдүү багытта иштешсе да, андагы кубулуштардын системалуулугу аларга эзелтен эле белгилүү болгон. Анын системалуулугун жалпылап, үйрөнө турган илимдин атайын бөлүмү – **системалык анализ** (СА) делет. Бул илим 20-кылымдын алтымышынчы жылдарында гана Советтер Сойузундагы ЖОЖдордо окуу куралы катары жарала баштады. САнын предмет катары пайда болгонуна жарым кылымдан аз убакыт өткөнү менен, ал өтө тездикте өнүгүп: информатика, кибернетика, коомду башкаруу ж.б. өңдүү көп илимдердин тармактарын камтып, САга бир маанилүү так аныктама берүү мүмкүн болбой калды. Анын андай көп тармактуулугунан САга параллель предмет «Системалык ыкма» (способ, прием) атында да колдонулат. Ушундай абалга карабай, окурмандарга аны айкыныраак түшүндүрүү үчүн, САнын аныктамаларынын жалпыраак бирөөнү бере кетебиз.

Саясаттык, социалдык, экономикалык же илимий жана техникалык мүнөздөгү татаал проблемаларды чечүүнү негиз-дөөгө жана дайардоого колдонулуучу методологийалык каражаттардын тобун **системалык анализ** дейбиз («Советский энциклопедический словарь»). Демек, СА тиги же ал илимий проблеманы чечүүгө колдонулуучу ыкма болгон-дуктан ал ишти жүзөгө ашырууга зарыл **максат** болуу керек.

Алдыда СА предметине тийиштүү негизги түшүнүктөр менен окурмандар үстүртөдөн таанышкандан кийин, мезгилинин чыгаан окумуштуусу К.Тыныстанов, кыргыз тилинин алгачкы «Морфологийасын» түзүү ишинде өзүнө тааныш индукцийа жана дедукцийа ыкмалары жана философийалык катего-рийа болгон чагылдыруу теорийасын тыкан колдонгон. Кыргыз речинин структурасын так жана тереӊ билген ал жаш окумуштуу, Ташкенттеги эл агартуу институтунун кенже курсунун студенти мезгилинде эле (1921-жылда) өзүнүн рационалдуу алфавитин түзө [1]

баштайт. Ал системаны бир нече жылдары тактап жана рационалдаш-тырып, 1927-жылдын жайында өзүнүн 31 тамгадан турган рационалдуу алфавитин (латин графикасына негиздеп) түзүп үлгүрөт. Ал оор иш менен параллель алиппени (алфавитти) жана грамматиканын фонетика бөлүгүнөн тартып, кыргыз тилинин алгачкы хрестоматийаларын башталгыч класстардын окуучуларына ылайыктап түзүп, ирети менен өсүү тартибинде ачылып жаткан класстарды үздүксүз тил илими бойунча окуулуктар менен камсыздайт.

Бул макаланын **максаты** – **биринчиден**, Касым грамматиканын фонетика бөлүмүнө тийиштүү окуулугун түзүү ишине кыргыз тилиндеги сөздүн айтылышында угулган тыбыштардын физикалык механизмин кылдат анализдеп, ар бир тыбышка бир маанилүү туура (дал) келген тамганын сүрөттөлүшүн (графикасын) аныктап, ал латынга негизделген алфавитин сунуштаганын [1] окурмандардын эсине салуу. Бул маселе 1925-жылы май айынын айагында Пишпекте өткөн областык илимий-педагогикалык сийезде араб алфавитинде кабыл алынган, анткени ал мезгилде Советтер Сойузундагы түрк тилдүү элдердин бардыгы араб алфавитин колдонуучу [2]. Ал эми сийезд латин алфавитине биротоло өтүү ишин 1927-1928-жылдарына пландаган эле. Касым өзү сунуштаган «алфавит системасын орус графикасынын негизинде деле куруу мүмкүндүгүн айтып, азырынча кыр-гыздар үчүн ал идейа эрте экенин» кыйыр канкуулайт. **Экинчиден**, ал өзүнүн алфавит системасын түзгөндөгү негизги принцип – бир тыбышка бир гана тамга туура келтирилип, ар кандай мазмундагы системага зарыл жана керек болгон **минималдуулук**, **толуктук** жана **адекваттуулук талаптары аткарыл-гыдай кылып** түзөт. Мындай тыкыр талап, 20-кылымдын жыйырманчы жылдарында жаңы эле туташ сабаттуулукка өтүүгө далалаттанып жаткан, элинин 2,5-3 проценттейи гана окуп жана жаза алган Кыргызстанда, элди тез арада сабаттуу кылуу керек эле. Ал эми бул принцип жазуу-чиймеси көптөгөн кылымдар мурун калыптанып, маданийаты өнүккөн Европа элдеринде алфавиттерин дагы жакшыртууга мүмкүн болбой, бир тамга бир нече тыбышты же бир нече тамга бир тыбышты чагылдырып келе жатат.

Ошентип, Касым кыргыз сөзүн кагазда туура, бир маанилүү жана адекваттуу чагылдыра турган рационалдуу алфавитти түзүп, өзүнүн принциптерин кылдат жана так колдонгон. Ал тамгадан муун, муундан сөз жаралат деген кыска жана нускалуу: **тамга⇒муун⇒сөз** схеманы жаратып, кыргыз тилинин жүз миңдей сөз запасын камтыган «лексиконду», эң кыска 3-4 жылдай мөөнөттө (1931-1934ж.) түзүп үлгүргөн. 1927-жылдан түзүлө баштап, 1965-жылы толукталып жарык көргөн К.К.Юдахиндин эки томдук кыргызча-орусча сөздүгүндө болгону 40 миңдей сөз камтылган эле.

Байкабаган окуучуга темага тийиши жок сезилген бул идейанын чордону – Касым өзүнүн алгачкы «Морфоло-гийасын» түзүүдө келечекте жаралуучу «Системалык анализ» предметинин принциптерин ал өзү жашаган заманынан отуздай жыл эрте колдонуп, илимий ачылыш жасаганын ынанымдуу айтуу. Бул жөнүндө толугурак сөз алдыда болот.

Касым баардык түрк тилдүү элдердин тилдерин жакшы билген. Ал жүргүзгөн анализден, түрк тилдеринин негизи болгон кыргыз тилинде – муундарда тыбыштардын айкашы алты түрдө: **А, АП, АЛП, ПА, ПАП, ПАЛП** гана кезигерин [3] белгилейт. Мында: «А» – үндүү бир тыбыштан курулган муунду; «АП» бир үндүү жана бир үнсүз (П) эки тыбыштан; «АЛП» үндүү (А), бир жумшак үнсүз (Л) («з» жана «ж» дан башка) жана үнсүз (П) үч тыбыштан курулган муунду ж.б. белгилейт. Касым ошол мезгилде кыргыздын адабий тилине интернационалдык сөздөрдүн жаңы эле сиңирилип жатышын эске алып, муундун дагы үч түрү – **ППА, ППАП, ППАЛП** бар экендигин ынанымдуу аныктайт.

Ошентип, Касым 1934-жылы майда Кыргызстанда өткөн орфографийалык кеңеште [3] жасаган

докладында, ал кыргыз адабий тилинде муундардын баардык түрү: **А, АП, АЛП, ПА, ПАП, ПАЛП, ППА, ППАП, ППАЛП** тогуз экенин, алар бир үндүү, бир үндүү бир үнсүз менен жана бир үндүү эки үнсүздүн айкашынан ж.б. турганын тизмелеп ачык түшүндүрөт.

Айтылгандардан Касым кыргыз сөзүн кагазга түшүрүүгө ыңгайлуу тамгалар-дын көптүгүн (алфавит системасын) түзүп, алардан кыргыз адабий тилинде кезигүүчү терминдер менен бирге адекваттуу моделин – бардыгы тогуз түрдө болгон муундарды аныктап, ошол мезгилде тилде кезигүүчү жана келечекте колдонууга мүмкүн болгон жүз миңдей сөздүн лексикалык запасын аныктап, аларды өз колу менен тизмелеп чыккан. **Мындан айтылуучу жыйын-тык**: элементтери Касымдын алфавит системасы болгон тамгалардын тобун алып, алдыда саналып чыккан тогуз түрдөгү муундарды колдонуп, жана кыргыз сөзү сингармонизм мыйзамына баш ийип агглйутинаттуу сөздөр түркүмүнө киререрин эске алып, сегиздей миң уңгу сөздөрдөн жүз миңдеген жаңы маанидеги сөздөрдү түзүүгө болорун белгилеген.

Ошону менен токтоп калбастан, өз колу менен жүз миңдей сөздөн турган «Лексиконун» (кыргыз сөздөрүнүн лексикалык запасын) 3-4 жыл ичинде тизмелеп бүткөн. Касымдын ал эмгегинин мааниси кыргыз илиминде өтө зор. Ал кыргыз сөздөрүнүн курулуш мыйзамын так жана толук аныктап, анын ичинен 56400дөй сөздөрдү (болжолу 60000дей сөздү камтыган профессор К.Карасаев түзгөн орфографийалык сөздүк ошол тизмеден алынган болуу керек. Бул илимий анализди талап кылат.) тизмелеп, орусча-кыргызча сөздүктү түзүү үчүн бергендиги архивде айтылат. Ал андан башка, тизмедеги сөздөрдү пайдаланып кыргыздын түшүндүрмө сөздүгүн дагы түзүүгө болорун белгилейт. САнын көз карашы менен айтканда, Касым кыргыздын адабий сөздөрүнүн бай моделин түзүп, **морфонологийа илимин** негиздеген. Ал профессор Е.Д.Поливановдун айтуусуна жана архив материалына караганда, убагында **кыргыз лингвистикасында илимий ачылыш катары аныкталган**. Касым өзү сунуштаган тамгалардын аталыштары сакталган шартта, ал кыргыз адабий тилинин сөздөрүнүн адекваттуу моделин кагазда так бере алган эле. Кыргыз жазуучулары ошол традицийаны сактап, аны улантып келүүдө.

Алдыдагы бир кыйла четке чыгуудан кийин, койулган максатыбызга кайры-лабыз. Ошентип, Касым анализ жана синтез ыкмаларын пайдаланып, 31 тамга-элементтерден турган өзүнүн системасын колдонуп, алардын өзү белгилеген аталыштарынын жана муундардын тогуз түрлөрүн (аны «Касымдын алгоритми» деп атоо адилеттик болор) пайдаланат. Бир жана эки – үч муундардан турган кыргыздын сегиз миңге жакын уңгу сөздөрүн пайдаланып, жана ал жараткан морфологийанын эрежелерине тайанып, аларга уландыларды улаштыруу менен кыргызда колдонулуп жүргөн жана келечекте колдонууга мүмкүн болгон «Касымдын лексикону» түзүлгөн. Касымдын ал лексикалык запасы бүгүнкү лингвист-лексикологдорду дагы таң калтырбай койбос.

Жыйынтыгында, **анализ** жана **синтез** методдору менен тамгалар тобун (системанын элементтерин) жана муундардын Касым аныктаган тогуз түрлөрүн пайдаланып, уңгу сөзгө уланды сөздөрдү жалгоо (улаштыруу) жолу менен (ал аракет системанын элементтеринин үстүнө жүргүзүлгөн «операцийаны» түшүндүрөт.) кыргыз-дын адабий тилинин жүз миңдей сөздөрдөн турган **лексикалык запасын** түздү. Касымдын Морфологийасы андан 30-40 жылдар кийин тартипке салынып, **системалык анализ предмети катары техникалык илимдердин ичинен пайда болгон кыргыз лингвистикасы-нын моделинин дагы бир үлгүсү** деп, эсептөө калыстык болор.

Касымдын күчтүү логикасы ушуну менен чектелбеди. Ал грамматиканын морфологийа бөлүмүн түзүүдө өзү сунуштаган фонетикадагы муундарды куруу эрежелеринин негизине тайанган эле. Андан ары фонетика-морфоло-гийалык жана морфология-фонетика-лык принциптерине тайанса, синтак-систи түзүүдө ал принциптерди кеңейтип, фонетика-

морфологийалык жана синтаксистик принциптерди айкаштырып алуу [3] ыкмасын пайдаланган. Ошол принциптердин негизинде, ал нормативдик синтаксисти түзмөк эле. Бул принциптер анын 1936-жылы жарык көргөн «Синтаксисинде» байкалганы менен ал окуулукта көнүгүүлөр жана жумушчу материалдар басымдуулук кылган. Анын норматив-дүү синтаксиси 1937-жылы сентий-абирде жарык көрмөк. Касымдын ал пландуу иши дагы так аткарылып, нормативдүү синтаксис сентийабирде карата жарыкка чыккан. Бирок, Касым августа камалары менен, ал китеп кошо камалып, жок кылынгандыгы архивдик материалдардан жакында белгилүү болду.

Бүгүнкү демократтык өлкө курууга далалаттанып жаткан окуучуларга, жалпы эле келечекти ойлогон билимдүү жаштарга кайрыларым: 1) Касымдын 31 тамгадан турган рационалдуу алфавитин колдонуп, ал негиздеген грамматикага жана ал калыптаган терминологийа системасына тайанып, нукура кыргыз речин кагазда так жана туура чагылдыра турган жана чоң элдин тилинин таасирисиз, акценти жок грамматиканы түзүүгө убакыт жетти. Себеби, бүгүн бизге эч кандай сырткы чоң күч сөөмөй кесеп, көргөзмө бербейт. Ошондо гана «Азаттыкта» айтылган («Эл үнү») «1938-жылы Касым атылганда, кыргыз тилинин грамматикасы кошо атылыптыр» деген өңдүү элдин өкүнүч менен айткан оор жана адилет сөзүнөн кутулуп, анын грамматикасына негизделген эне тилибиз кайра жанданмак; 2) Төтөн жаш тилчилер «Системалык анализ» предметин лингвистикада колдоно алуу деӊ-гээлинде үйрөнүп, кыргыз граммати-касын (синтаксис менен бирге) САнын методикасын колдонуп, Касым белгилеп кеткен гениалдуу ойлорду жүзөгө ашырып, кыргыздын «Манасты» жараткан кооз тилин жандандырып, эне тилди жогорку деңгээлге көтөрөрүнө ишенебиз.

**Адабияттар**

1. Тыныстанов К. Кыргыз тилинин морфологийасы. 5 – жана 6 – жыл үчүн тил сабагы. – Фрунзе, 1934 (анын 3-басылышы жаңы эле жарык көрдү).

2. Джаныбеков Ч. К. Тыныстанов: Жизнь и творчество. – Б., 2003.

3. Тыныстанов К. Кыргыз адабий тилинин жаңы имласынын долбору. 2–басылышы. – Б., 2006.